1. ЖАЛПЫ КӨРСӨТМӨЛӨР................................................ Error! Bookmark not defined.
2. ДЕН СООЛУГУНАН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН АДАМДАРГА/КЫЙМЫЛ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН АДАМДАРГА ЖАРДАМ БЕРҮҮ. Error! Bookmark not defined.
2.1. Жалпы маалыматтар............................................. Error! Bookmark not defined.
2.2. Окутулган коштоочу адам менен барууга карата талаптарError! Bookmark not defined.
3. СЕНСОРДУК БУЗУЛУУЛАРЫ БАР ЖҮРГҮНЧҮ .................. Error! Bookmark not defined.
3.1. Көрүүнүн бузулушу................................................ Error! Bookmark not defined.
3.2. Көрүүнүн жана угуунун бузулушу .......................... Error! Bookmark not defined.
3.3. Угуунун бузулушу .................................................. Error! Bookmark not defined.
4. КЫЗМАТТЫК ИТ/ЖЕТЕЛЕП ЖҮРҮҮЧҮ ИТ ........................ Error! Bookmark not defined.
5. ЖЫЛЫП ЖҮРҮҮГӨ ЖАРДАМ БЕРҮҮ ............................... Error! Bookmark not defined.
6. КӨМӨКЧҮ КАРАЖАТТАР................................................. Error! Bookmark not defined.
7. ОМУРТКАНЫ КОЛДОО ҮЧҮН ЖАБДУУ........................... Error! Bookmark not defined.
8. ПСИХИКАЛЫК ЖЕ ЭМОЦИОНАЛДЫК БУЗУЛУУЛАРЫ БАР ЖҮРГҮНЧҮЛӨР........Error! Bookmark not defined.
9. КОГНИТИВДИК КӨЙГӨЙЛӨРҮ/ДЕМЕНЦИЯ/АЛЬЦГЕЙМЕР ООРУСУ/АУТИЗМ ЖАНА ДАУН СИНДРОМУ БАР ЖҮРГҮНЧҮ........................................ Error! Bookmark not defined.
10. ИЧКИ МЕДИЦИНАЛЫК ЖАБДУУ ................................ Error! Bookmark not defined.
11. ПОРТАТИВДИК КЫЧКЫЛТЕК КОНЦЕНТРАТОРЛОРУ ... Error! Bookmark not defined.
12. БЕЛГИЛҮҮ БИР ЖАГЫМСЫЗ ООРУЛАРЫ БАР ЖҮРГҮНЧҮЛӨРError! Bookmark not defined.
13. ЗАМБИЛДИ КОЛДОНУУНУ ТАЛАП КЫЛГАН ЖҮРГҮНЧҮЛӨРError! Bookmark not defined.
14. МЕДИЦИНАЛЫК АБАЛ ................................................ Error! Bookmark not defined.
15. КОШ БОЙЛУУЛУК ...................................................... Error! Bookmark not defined.
16. ЫМЫРКАЙ МЕНЕН САЯКАТТОО.................................. Error! Bookmark not defined.
17. ЧОҢДОР КОШТОБОГОН ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАР Error! Bookmark not defined.
18. 1-ТИРКЕМЕ “УЧУУГА УРУКСАТ” ................................................................ 13
19. 2-ТИРКЕМЕ «ДЕН СООЛУГУНДА КӨЙГӨЙЛӨРҮ БАР ЖҮРГҮНЧҮНҮ ТАШУУГА АРЫЗ» ........................................................................................................... 14
20. 3-ТИРКЕМЕ ЧОҢДОРДУН КОШТООСУ ЖОК БАЛАНЫ ТАШУУГА АРЫЗДЫН ФОРМАСЫ ........................................................................................................... 17

## 1. ЖАЛПЫ КӨРСӨТМӨЛӨР

1.1. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** учуу убагында бардык жүргүнчүлөр өзүн ыңгайлуу сезишине умтулат. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** сапаттуу кызмат көрсөтүүгө даярдана алышы үчүн, **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** өзүнүн жүргүнчүлөрүнөн бардык керектүү маалыматты берүүнү өтүнөт.

1.2. Жүргүнчү же жүргүнчүнүн атынан брондоо учурундагы адам авиакомпанияга өзгөчө муктаждыктары жөнүндө рейс учкандан кеминде 48 саат мурун билдириши керек, атап айтканда:

a) Кыймыл мүмкүнчүлүгү чектелген жүргүнчү
b) Жашы жете элек жүргүнчүнү ташуу
c) Жүргүнчүнүн өз алдынча жүрүүсүнө тоскоол болгон, көрүү же угуу функцияларынын бузулушу (жоктугу)
d) Көрүү функциясы бузулган учурда, жетелеп жүрүүчү иттин болушу;
e) Жугуштуу оорулардын болушу
f) 22 жумадан ашык мөөнөт менен кош бойлуулук.
g) Үй жаныбарларын ташуу
h) Куралдарды жана ок дарыларды ташуу.

1.3. Маалыматты алгандан кийин **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** эгерде жогоруда көрсөтүлгөн себептер боюнча аба кемесинин техникалык же эксплуатациялык мүмкүнчүлүктөрүнүн натыйжасында ташууну камсыз кылуу мүмкүн болбосо, ташуудан кандайдыр бир баш тартуу болгон учурда, рейс учканга чейин 24 сааттын ичинде жүргүнчүгө кабарлайт.

1.4. Атайын жардам берүүнү суроо үчүн төмөндөгү дарек боюнча **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** менен байланышуу керек: specialservices@flytezjet.com. Тастыкталган атайын кызмат менен учуу датасын кайра брондоо үчүн жүргүнчү жаңы учуу датасын ырастоону алышы жана кызмат көрсөтүүнү кайра сурашы керек.

1.5. Спорттук шаймандар катталган багажга кирбейт. Спорттук шаймандарды ар кандай ташуу салмагына жана колдонуудагы тарифтерге ылайык ченемден ашыкча багажды төлөөгө алып келет. Ченемден ашыкча багаждын тарифтери менен биздин сайттан таанышууга болот. **Эгерде брондоо каттоо үстөлүндө болсо, спорттук шаймандарды ташуу учакта орундун болушунан көз каранды болот.**

## 2. ДЕН СООЛУГУНАН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН АДАМДАРГА/КЫЙМЫЛ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН АДАМДАРГА ЖАРДАМ БЕРҮҮ

### 2.1. Жалпы маалыматтар

2.1.1. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** мүмкүнчүлүгү чектелген жүргүнчүлөргө жана/же кыймыл мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга (КМЧА) камкордук менен кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн жактайт. Сизге мүмкүн болушунча

жардам берүү үчүн, биз Сизден пландаштырылган рейс учканга чейин кырк сегиз (48) саат мурун өзгөчө муктаждыктарыңыз жөнүндө билдирүүнү / майыптар арабасын берүүгө суроо-талап берүүнү суранабыз. Сиз үчүн эң ыңгайлуу орунду алдын ала сатып алууну сунуштайбыз. Биз атайын талаптарды аткаруу үчүн акы алабыз.

**Эскертүү. Колдонуудагы эрежелерге ылайык, эгерде биздин Жүргүнчүлөрүбүздүн бири кыймыл мүмкүнчүлүгү чектелген болсо, угуу же көрүү жөндөмү начарласа, коопсуздук боюнча нускамаларды түшүнө албаса же аларга жооп бере албаса, биз авариялык чыгуу катарында орун бөлүп бере албайбыз.**

2.1.2. Үзгүлтүксүз каттоону жана отурууну камсыздоо үчүн, сизден рейстин пландаштырылган учуу убактысына чейин кеминде үч (3) саат мурун брондоо столуна келүүнү суранабыз.

2.1.3. Биздин борт коштоочулар биринчи медициналык жардам көрсөтүүгө, ошондой эле төмөндөгү жардам көрсөтүү түрлөрүнө окутулган:

a) Өзгөчө кырдаал болгон учурда чыга беришке тез баруу үчүн башка бирөөнүн жардамына муктаж болушу мүмкүн болгон жүргүнчүлөр үчүн коопсуздук техникасы боюнча жеке инструктаж.
b) Коопсуздук техникасы боюнча биздин жалпы инструктажыбыз убагында берилген, коопсуздук боюнча маалыматты түшүнүүсүнө мүмкүнчүлүк бербеген, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жүргүнчү үчүн коопсуздук техникасы боюнча жеке инструктаж.
c) Кол жүгүн жана көмөкчү түзүлүштөрдү жыйноого жана алууга жардам берүү.
d) Тамак-аш азыктарын жана суусундуктарды ачууга жардам берүү.

2.1.4. Биздин команда төмөндө берилген кызматтардын тизмегинде Сизге жардам бере албайт:

a) Дары-дармектерди ичүү
b) Тамакты түздөн-түз жегенге же ичүүгө жардам берүү
c) Дааратканада же башка жеке кам көрүү максатында жардам берүү. Эгерде сизде бул суроолор боюнча жардам талап кылынса, коопсуздукту камсыздоо боюнча жардамчы менен барууну сунуштайбыз.
d) **Даараткана:** Биздин борт коштоочулар даараткананын эшигине барууга жана кайра артка келүүдө жардам көрсөтө алышат, бирок даараткананын ичинде жардам бере алышпайт.

2.1.5. **Отургузуу: «ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** атайын жардамга муктаж болгон бардык жүргүнчүлөрүбүз үчүн алдын ала отургузуу кызматтарын сунуштайт, ушуга байланыштуу чыга бериштеги персоналга алдын ала отургузуу зарылдыгын билдирүүнү жана ал башталганда чыга бериштин зонасында болууну өтүнөбүз. Отургузууга чыга бериштер пландаштырылган учуу убактысына чейин жыйырма беш (25) мүнөт

(ички рейстер) жана жыйырма беш (25) мүнөт (эл аралык рейстер) мурун жабыла турганын эске алууну өтүнөбүз, андан кийин рейске отургузуу жабылат. Ошондой эле айрым аэропорттор тынч режимде иштегенине жана учуудан мурун эч кандай кулактандыруулар жасалбай турганына көңүл буруңуз.

## 2.2. Окутулган коштоочу адам менен барууга карата талаптар

Окутулган коштоочу адам болуп медициналык себептерден улам майыптыгынын мүнөзүнө жараша физикалык мүмкүнчүлүктөрү ар кандай чектелген жүргүнчү менен иштөөгө окутулган медайымдардын, фельдшерлердин, дарыгерлердин же практикалоочу дарыгерлердин ичинен физикалык жактан күчтүү сертификатталган ар кандай персонал саналат. Окутулган коштоочу адам он сегиз (18) жаштан жаш эмес, физикалык жактан күчтүү жана акыл-эс жагынан жөндөмдүү, ошондой эле өзгөчө кырдаал учурунда ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген же кыймыл мүмкүнчүлүгү чектелген жүргүнчүнү эвакуациялоого даяр болушу керек.

**Жалгыз бара жаткан жүргүнчүлөр төмөндөгү иш-аракеттерди өз алдынча аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек:**

i. Коопсуздук курларын тагынуу жана бошотуу
ii. Куткаруучу жилетти кийүү жана чечүү
iii. Отургучтан кетүү жана авариялык чыгуу аркылуу эвакуациялоо
iv. Кычкылтек бет кабын кийүү

**Кээ бир Жүргүнчүлөр үчүн биз өзгөчө тынчсыздануунү билдиребиз жана алар окутулган коштоочу адам менен гана баруусун талап кылабыз. Коопсуздукту камсыздоо боюнча жардамчы талап кылынышы мүмкүн болгон жүргүнчүлөр:**

a) Коопсуздук боюнча нускамаларды түшүнүүгө же ага жооп берүүгө тоскоол болгон үйрөнүүгө же когнитивдик жөндөмдүүлүктөрүнө байланыштуу олуттуу көйгөйлөрү бар жүргүнчүлөр.
b) Алардын запастык чыгууга чейин өз алдынча жетүүсүнө мүмкүндүк бербеген көйгөйлөрү бар жүргүнчүлөр.
c) Замбилде бара жаткан жүргүнчүлөргө атайын окутулган коштоочу адамдын, б.а. медициналык кызматкердин/фельдшердин болушу талап кылынат.
d) Коопсуздук техникасы боюнча нускаманы, анын ичинде коопсуздук техникасы боюнча ченемдик инструктажды жана учактын бортунда берилген башка коопсуздук көрсөтмөлөрүн түшүнө албаган же ага тийиштүү түрдө жооп бере албаган психикалык четтөөлөрү бар жүргүнчүлөр.
e) Адам өзгөчө кырдаал жаралган учурда учактын бортунан эвакуациялоодо өзүнө физикалык жардам бере албаган, кыймылдуулуктун олуттуу бузулуулары бар жүргүнчүлөр.
f) Угуу, көрүү жана сүйлөө органдары олуттуу бузулган, өзгөчө кырдаал болгон учурда жүргүнчү учактын бортунан өзүн эвакуациялоого жардам бере алгандай,

коопсуздук боюнча инструктажды берүү үчүн бортто экипаж менен эч кандай байланыш каражаттарын орното албаган жүргүнчүлөр.

g) Коопсуздук курларын тагынып жана бошото албаган жүргүнчүлөр.
h) Куткаруу жилетин кийүү жана чечүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болбогон жүргүнчүлөр.
i) Өз ордун таштап жана өз алдынча эвакуациялана албаган жүргүнчүлөр.
j) Кычкылтек бет кабын кийе албаган жүргүнчүлөр.

## 3. СЕНСОРДУК БУЗУЛУУЛАРЫ БАР ЖҮРГҮНЧҮ

Биз, **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК,** жүргүнчүлөрдүн коопсуздугуна жана ыңгайлуулугуна чоң маани беребиз жана бардык жүргүнчүлөрүбүз рейсибиздин бортунда эң мыкты кызматтардан пайдалана алышы үчүн болгон күчүбүздү жумшайбыз. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар менен өз ара аракеттенүүнү үйрөндү жана өзгөчө муктаждыктары бар жүргүнчүлөрүбүздү тейлөөнүн мыкты жолдорун табууну улантат.

### 3.1. Көрүүнүн бузулушу

Эгерде сизге кандайдыр бир жардам бере алсак, бизге билдириңиз. Төмөндө кандайдыр бир көйгөйлөрсүз биз менен саякаттоого жардам бере турган баалуу маалыматтарды таба аласыз:

a) Брондоодо атайын жардам берүүгө суроо-талап.
b) Пландаштырылган учуу убактысына чейин үч (3) саат мурун аэропортко келүүнү жана бул тууралуу биздин кызматкерлерге брондоо столунда билдирүүнү өтүнөбүз. Алар сизге каттоо жана отургузуу формалдуулуктарына байланыштуу жардам берүүгө кубанычта болушат.
c) Учуу убагында сизге зарыл болгон жардамды сурап борт коштоочуга кайрыла аласыз.
d) Биз кол жүгүнө, көмөкчү түзүлүштөргө байланыштуу, дааратканага чейин жетүүгө, жеңил тамакты ачууга жана эгерде сизде байланыштуу рейс болсо, отургузууга кийинки чыга беришке чейин жетүүгө жардам беребиз.
e) Орунга байланыштуу сиздин талаптарыңызды максималдуу канааттандыруу үчүн орундарды онлайн тандоону сунуштайбыз.
f) Айрым аэропорттор тынч режимде иштегенине жана учуудан мурун эч кандай кулактандыруулар жасалбай турганына көңүл буруңуз.

### 3.2. Көрүүнүн жана угуунун бузулушу

Эгерде сизге кандайдыр бир жардам бере алсак, бизге билдириңиз. Төмөндө кандайдыр бир көйгөйлөрсүз биз менен саякаттоого жардам бере турган баалуу маалыматтарды таба аласыз:

a) Брондоодо атайын жардам берүүгө суроо-талап.
b) Пландаштырылган учуу убактысына чейин үч (3) саат мурун аэропортко келүүнү жана бул тууралуу биздин кызматкерлерге брондоо столунда билдирүүнү өтүнөбүз. Алар сизге каттоо жана отургузуу формалдуулуктарына байланыштуу жардам берүүгө кубанычта болушат.
c) Учуу убагында сизге зарыл болгон жардамды сурап борт коштоочуга кайрыла аласыз.

### 3.3. Угуунун бузулушу

Эгерде сизге кандайдыр бир жардам бере алсак, бизге билдириңиз. Төмөндө кандайдыр бир көйгөйлөрсүз биз менен саякаттоого жардам бере турган баалуу маалыматтарды таба аласыз:

a) Брондоодо атайын жардам берүүгө суроо-талап.
b) Пландаштырылган учуу убактысына чейин үч (3) саат мурун аэропортко келүүнү жана бул тууралуу биздин кызматкерлерге брондоо столунда билдирүүнү өтүнөбүз. Алар сизге каттоо жана отургузуу формалдуулуктарына байланыштуу жардам берүүгө кубанычта болушат.
c) Учуу убагында сизге зарыл болгон жардамды сурап борт коштоочуга кайрыла аласыз.
d) Биз кол жүгүнө, көмөкчү түзүлүштөргө байланыштуу, дааратканага чейин жетүүгө, жеңил тамакты ачууга жана эгерде сизде байланыштуу рейс болсо, отургузууга кийинки чыга беришке чейин жетүүгө жардам беребиз.
e) Орунга байланыштуу сиздин талаптарыңызды максималдуу канааттандыруу үчүн орундарды онлайн тандоону сунуштайбыз.

## 4. КЫЗМАТТЫК ИТ/ЖЕТЕЛЕП ЖҮРҮҮЧҮ ИТ

**«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** өзүнүн аба кемелеринин бортуна кызматтык иттерди/жетелеп жүрүүчү иттерди киргизбейт.

## 5. ЖЫЛЫП ЖҮРҮҮГӨ ЖАРДАМ БЕРҮҮ

5.1.1. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** Жүргүнчүлөрдүн талаптарына ылайык майыптар арабасын берүүгө кубанычта болот. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** сизден майыптар арабасын учууга чейин кырк сегиз (48) саат мурун брондоону суранат. Бейкапар эс алууну камсыз кылуу үчүн, аэропортко учуудан кеминде үч (3) саат мурун келүүнү жана бул тууралуу биздин брондоо командабызга билдирүүнү сунуштайбыз. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧКнын** жана аэропорттун кызматкерлери (каттоо/брондоо столу) керектүү

жардамдын деңгээлин аныктоо максатында сизге бир нече суроо бериши мүмкүн.

5.1.2. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** аэропорттун бардык зоналарында каттоо столунан учакка отургузуу чыга беришине чейин, байланыштуу рейстерди аткарууда (эгерде бар болсо) жана аба кемесинен барган жердин келүү залына чейин ташууда жардам көрсөтүү максатында колдонуу үчүн майыптар арабалары бар.

5.1.3. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** майыптар арабасы кызматы жүргүнчүнү брондоо столунан каттоо столуна/атайын жардам көрсөтүү столуна чейин жана каттоо столунан отургузуу чыга беришине же учактын эшигине чейин ташууга жардам берген коштоочу адам менен берилет (майыптар арабасын сүйрөө үчүн).

5.1.4. Он (10) же андан көп адамдан турган жана майыптар арабасына муктаж болгон жүргүнчүлөр пландаштырылган учууга кырк сегиз (48) сааттан кеч эмес, биздин колл-борборго чалып биз менен байланыша алышат.

5.1.5. Эгерде сиз жеке майыптар арабасын алып бара жатсаңыз, төмөндөгүлөргө көңүл бурууну өтүнөбүз:

a) Эгерде Жүргүнчүлөр жеке майыптар арабасын каттоону каалашса, биздин жердеги кызматкерибиз майыптар арабасын сиздин көзөмөлүңүздө бүктөп коюуга / жазып коюуга жардам берет.

b) Бирок **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** майыптар арабасын колдонуудан келип чыккан зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт. Биз сиздин майыптар арабаңызды барган аэропортко кайтарып беребиз.

c) Эгерде сиз аэропортто өзүңүздүн майыптар арабаңызды пайдаланууну кааласаңыз, бизге бул тууралуу билдириңиз. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** сиздин майыптар арабаңызды аба кемесине жеткирет. Бул иш-чара аэропорттун коопсуздук жол-жоболорун сактоого негизделген.

d) Майыптар арабалары, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды ташуу үчүн арналган жабдуулар же аларды аэропортто же аба кемесинин бортунда колдонуудагы көмөкчү түзүлүштөр жоголгон же бузулган учурда компенсация авиакомпаниянын, аэропорттун операторунун, жер үстүндө тейлөө боюнча тиешелүү агенттиктин же ушундай жоготуу үчүн жоопкерчилик тарткан уюмдун эсебинен жүргүзүлөт.

e) Электр иштеткичи бар майыптар арабаларын / аккумуляторлорду колдонгон көмөкчү түзүлүштөрдү кабыл алуу коркунучтуу жүктөрдү ташууну жөнгө салуучу колдонуудагы эрежелер менен жөнгө салынат.

f) Эгерде сиздин майыптар арабаңыз багаж бөлүмүндө болсо, **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** аны аба кемесинин эшигине мүмкүн болушунча жакын берүү үчүн бардык аракетин жумшайт. Эгер бул мүмкүн болбосо, **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** багажды кабыл алуу зонасына жетүүгө жардам бере турган майыптар арабасы бар экенине кам көрөт.

## 6. КӨМӨКЧҮ КАРАЖАТТАР

6.1.1. Көмөкчү каражаттар кол жүгүнүн же катталган багаждын бир бөлүгү деп эсептелбейт, бирок коопсуздук максатында алар кол жүгүнүн өлчөмү жана салмагы боюнча чектөөлөр колдонулат.

6.1.2. Төмөндө көмөкчү каражаттардын толук эмес тизмеси берилген:

a) Балдак
b) Таяк
c) Балдар арабасы/баланы ташуу үчүн жон баштык
d) Баскычтар
e) Тарткыч/протездер
f) Кол иштеткич менен майыптар арабасы
g) Сейилдөөчү араба
h) Сүт сордургуч
i) Портативдик кычкылтек концентратору жана дем алуу жолдорундагы оң үзгүлтүксүз басымды кармоочу түзүлүштөр

6.1.3. Биздин экипаж аларды биздин аба кемебиздин багаж текчесине жайгаштырууга жардам бере турганына көңүл буруунү суранабыз. Эгер алар батпай калса, **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** аларды учактын жүк салгычында калтырат жана алар аба кемесинин эшигине жеткирилген биринчи буюмдардын бири болот. Жүргүнчү аларды келүү залынан алып кетүүнү да сурана алат.

## 7. ОМУРТКАНЫ КОЛДОО ҮЧҮН ЖАБДУУ

7.1.1. Өздөрү менен омуртканы колдоо үчүн жабдууну алып бара жаткан жүргүнчүлөр учуп кеткенден 48 саат мурун биздин колл-борборубузга чалып, омуртканы колдоо үчүн жабдуусунун мүнөздөмөлөрүн билдире алышат.

7.1.2. Биздин команда сиздин жабдууңузду биздин аба кемебиздин бортунда коопсуз жайгаштырууга болорун текшерет жана ырастайт.

7.1.3. Жүргүнчүнүн омуртканы колдоо үчүн жабдуусу бекер ташылат.

## 8. ПСИХИКАЛЫК ЖЕ ЭМОЦИОНАЛДЫК БУЗУЛУУЛАРЫ БАР ЖҮРГҮНЧҮЛӨР

**«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** психикалык же эмоционалдык бузулуулары бар жүргүнчүлөрүбүздөн дайыма окутулган коштоочу адамдын коштоосунда жүрүүнү суранат.

Окутулган коштоочу адамдын жанында жердеги персонал сапарга чыгууга чейин же зарылчылыкка жараша жолдо дайындаган тынчтандыруучу дарыга рецепт менен бирге дарыгердин сертификаты болушу керек.

## 9. КОГНИТИВДИК КӨЙГӨЙЛӨРҮ/ДЕМЕНЦИЯ/АЛЬЦГЕЙМЕР ООРУСУ/АУТИЗМ ЖАНА ДАУН СИНДРОМУ БАР ЖҮРГҮНЧҮ

Эгерде сизде когнитивдик бузулуулар болсо, **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧКнын** зарыл жардам жөнүндө кабардар болушу өтө маанилүү. Мындай бузулуулар ар дайым эле айкын эмес жана ар бир жүргүнчүнүн кырдаалы уникалдуу мүнөзгө ээ. Аэропортто жана учуу убагында зарыл жардамды тиешелүү түрдө көрсөтүү максатында бизге бул тууралуу брондоо убагында билдирүүнү өтүнөбүз. Брондоонун жүрүшүндө бизге сиздин конкреттүү талаптарыңыз жөнүндө жана сизге кандай жардам бере аларыбыз жөнүндө билдирүүнү өтүнөбүз.

## 10. ИЧКИ МЕДИЦИНАЛЫК ЖАБДУУ

10.1.1. Эгерде сиз кардиостимулятор же дефибриллятор сыяктуу ички медициналык жабдуу менен саякаттасаңыз, бул тууралуу процесс башталганга чейин сизди кароону жүргүзүп жаткан коопсуздук кызматынын кызматкерлерине кабарлоону өтүнөбүз.

10.1.2. Эгерде сизде ички имплантация кадоолор (брекет) болсо, жаныңызда дарыгердин тиешелүү маалыматы бар маалым кат болушу керек.

## 11. ПОРТАТИВДИК КЫЧКЫЛТЕК КОНЦЕНТРАТОРЛОРУ

**«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** портативдик кычкылтек концентраторлорун аба кемесинин бортуна кабыл албайт.

## 12. БЕЛГИЛҮҮ БИР ЖАГЫМСЫЗ ООРУЛАРЫ БАР ЖҮРГҮНЧҮЛӨР

12.1.1. Биз тараптан сизге ар тараптуу жардам көрсөтүү үчүн, кандайдыр бир конкреттүү оору менен ооруган жүргүнчүлөр ден соолугунун абалы жөнүндө алдын ала маалымат бергенден кийин, колдонуудагы медициналык формага ылайык, пландаштырылган рейстин учуусуна чейин кеминде кырк сегиз (48) саат калганда **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** менен саякаттай алышат.

12.1.2. Жогорудагыга кошумча төмөндөгүлөрдү белгилөө керек;

a) Жүргүнчү **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧКга** келгенден кийин ооруканага жаткырууга карата ар кандай талаптар жөнүндө маалыматты бериши керек.

b) Эгерде жүргүнчү бара жатканда коопсуздукту камсыз кылуу боюнча жардамчыны коштоп жүрсө, анда анын аты-жөнү жана байланыш маалыматтары **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧКга** берилиши керек.

c) **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** биздин порт коштоочу атайын жардам көрсөтүүгө (мисалы, көтөрүүгө ж.б.) ыйгарым укугу жок экенине көңүлүңүздү бурууну суранат. Борт коштоочулар биринчи жардам көрсөтүүгө гана окутулган, аларга кандайдыр бир инъекция жасоого же дары берүүгө тыюу салынат. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** аба кемесинин бортунда кычкылтек баллондорун ташууга же пайдаланууга көмөк көрсөтпөйт.

## 13. ЗАМБИЛДИ КОЛДОНУУНУ ТАЛАП КЫЛГАН ЖҮРГҮНЧҮЛӨР

**«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** аба кемесинин бортунда замбилди пайдаланууга жол бербейт.

## 14. МЕДИЦИНАЛЫК АБАЛ

**«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** төмөндө көрсөтүлгөн шарттарда жүргүнчүлөрдү ташуу укугун өзүнө калтырат: **ЭСКЕРТҮҮ: Жүргүнчүлөрдү «ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧКнын өтүнүчү боюнча дарыгерден тиешелүү маалымкаттарды, медициналык жазууларды жана/же башка маалыматтарды/ документтерди берүүдө «ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧКнын жеке каалоосу боюнча ташууга уруксат берилиши мүмкүн.**

i. Жүрөк-кан тамыр жана башка кан айлануунун бузулушу
ii. Кан оорусу
iii. Жугуштуу оору
iv. ЛОР оорулары (кулак ,мурун жана тамак)
v. Көздүн оорусу
vi. Респиратордук оорулар
vii. Борбордук нерв системасы
viii. Ашказан-ичеги оорулары
ix. Жаралар
x. Паркинсонизм
xi. Артрит
xii. Жүрөктүн ишемиялык оорусу
xiii. Диабеттик абалдар
xiv. Диализдеги же ХАПДга өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги
xv. Астыңкы жаактын сынышы
xvi. Жаакты бекитүү менен
xvii. Венанын тромбозу (ТГВ)
xviii. Рак менен ооругандар
xix. Радионуклкотиддик терапиядан кийин
xx. Нерв-булчуң оорулары
xxi. Өпкөнү желдетүү каражаттары/Портативдик кычкылтек концентратору
xxii. Дайверлердин оорусу/декомпрессиялык оору
xxiii. Айыкпас оорулар

## 15. КОШ БОЙЛУУЛУК

Коопсуз саякаттоо үчүн биздин жүргүнчүлөрүбүзгө, болочок энелерге бир нече талаптарыбыз бар. Кош бойлуулук эненин же баланын өмүрүнө коркунуч туудурган белгилүү медициналык кыйынчылыктар болбосо, оору эмес экенин түшүнөбүз. Биз кош бойлуулуктун 28-жумасынан кийин саякаттоодон алыс болууну өтүнөбүз. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК оордошкон кош бойлуулук бар жүргүнчүлөрдү ташууга кабыл албайт.**

i. 0–28 жума: Учууга уруксат жана MEDIF формасы (сапарга даярдык жөнүндө медициналык маалымат) милдеттүү болуп саналбайт.

ii. 28–32 жума: «Учууга уруксат» маалымкаты (1-тиркеме), ал авиациялык медицинада иш тажрыйбасы бар дарыгер тарабынан тастыкталышы керек.

**iii.** 32 жумадан ашык: **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** мындай мөөнөт менен кош бойлуу жүргүнчүлөрдү ташууга кабыл алат.

«Учууга уруксат» маалымкат төмөндөгү маалыматтарды камтышы керек:

a) Кош бойлуулук жумасынын саны
b) Болжолдуу төрөт датасы
c) Оордошуулар, мындайлар болгондо
d) Учуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө корутунду

## 16. ЫМЫРКАЙ МЕНЕН САЯКАТТОО

**«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧКда** биз кичинекей жүргүнчүлөрүбүздүн саякатын жагымдуу жана ыңгайлуу кылууга умтулабыз. Төмөндө берилген маалымат менен таанышууну суранабыз.

**Курагы:** Жети (7) күндөн эки (2) жашка чейинки балдар ымыркай болуп эсептелет жана саякат учурунда дайыма чоңдордун коштоосунда болушу керек. Аэропортко келерден мурун, баланын жашын ырастаган тастыктама (өзү менен кошо) болушу керек. Курагын далилдөө катары кабыл алган айрым документтер паспортту, туулгандыгы тууралуу күбөлүктү ж. б. камтыйт.

**Орундар:** Ымыркайлар үчүн кошумча орундарды резервдөөгө болбойт, анткени алар ата-энесинин тизесинде турушат.

**Саны:** Бир чоң адамга бир гана (1) ымыркайды жайгаштырууга жол берилет.

**Акы:** Өзүнчө орун ээлебеген ымыркайлар үчүн ар бир сектор үчүн «Комиссиялар жана жыйымдар» бөлүмүндө көрсөтүлгөн акы алынат; мындай жыйымдар бардык тиешелүү салыктарды, анын ичинде салыктарды, жыйымдарды жана кошумча жыйымдарды камтыйт.

**Багажды ташуу ченеми:** Биз **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** менен бара жаткан ар бир ымыркай үчүн жети (7) кг чейинки салмактагы кол жүгүн ташууга уруксат беребиз.

## 17. ЧОҢДОР КОШТОБОГОН ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАР

Жашы жете элек балдар деп эки (2) жаштан улуу жана он эки (12) жаштан кичүү балдар эсептелет. **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** эки (2) жаштан беш (5) жашка чейинки балдарды он сегиз (18) жана андан улуу курактагы коштоочу адамдын коштоп жүрүүсүн талап кылат.

| Баланын жашы | Чоңдордун коштоосу жок жашы жете элек |
|---|---|
| 5 жашка чейин | Чоңдор коштобогон жашы жете элек балдарды ташууга жол берилбейт |
| 5-12 жаш | Бала чоңдордун коштоосу жок жашы жете элек катары сапарга чыга алат |

«Чоңдордун коштоосу жок жашы жете элек балдар» астында учууга ыңгайлуу болушу үчүн, биздин жүргүнчүлөр аткарышы керек болгон белгилүү бир талаптар бар:

**Учууда:**

a) Учууга үч (3) саат калганга чейин аэропорттогу брондоо столубуз менен байланышууну өтүнөбүз.
b) Ата – эне/камкорчу катары сиз коштоосу жок баланы ташуу үчүн арыздын формасын толтурушуңуз керек. Бул формада барган аэропортто баланы кабыл алган ата-эненин/камкорчунун маалыматтары көрсөтүлөт. Кол коюлган форманын көчүрмөсү сизге берилет.
c) Каттоодо сүрөтү бар жарактуу өздүк күбөлүк, ошондой эле чоң адамдын коштоосу жок бара жаткан жашы жете элек баланын жаш курагын тастыктаган документ болушу керек.
d) **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** командасынын мүчөсү баланы аба кемесинин бортуна алып барат, ал жерде биздин борт коштоочубуз аны карап турат.
e) Ата-эне / камкорчу рейс учканга чейин аэропортто болушу керек.

**Бортто:**

- Учуу убагында биздин борт коштоочу баланы көзөмөлдөп, ага керектүү нерселердин баары бар экенине кам көрөт.
- Тамак-аш жана суусундуктар учуу баасына кошулбашы мүмкүн жана аларды өзүнчө сатып алуу керек болот. Камкорчу / ата-эне баланын кандайдыр бир конкреттүү тамак-ашка же суусундукка аллергиясы бар же жогун баланы коштоосу жок ташуу формасында билдириши керек.
- <u>Эскертүү. Учуу убагында балага кандайдыр бир конкреттүү дары берилиши керек болсо, бизге кабарлаоону өтүнөбүз.</u>

**Транзит/Трансфер:**

- Эгерде транзиттик пунктта токтоо төрт (4) сааттан аз болсо жана баланын бардык сапары **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧКда** брондолсо, биз баланы Чоңдордун коштоосу баланы жок ташуу шарттарынын алкагында кабыл ала алабыз.
- Эгерде транзиттик пунктта токтоо төрт (4) сааттан ашык болсо жана/же түнкү токтоону жана/же **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧКдан тышкары,** башка авиакомпанияга которууну камтыса, биз баланы Чоңдордун коштоосу баланы жок ташуу шарттарынын алкагында кабыл ала албайбыз.

**Жеткенде:**

- Рейс келгенде **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** келүү тобунун мүчөсү бара турган аэропортко келүү процессинде баланы коштоп жүрөт жана жардам берет.

- Баланы тосуп алуу үчүн, тосуп алуучу адам учуп келгенге чейин кеминде отуз (30) мүнөт калганда келүү залында болушу керек. Эгер сизди учуп келүү залына киргизбесе, **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** кызматкерлери баланы келүү залынын сыртына узатышат.
- **Келгенден кийин Чоңдордун коштоосу жок келе жаткан балага кам көрүү баланы коштоосу жок ташууга арыз формасында көрсөтүлгөн адамга ГАНА берилет. Чоңдордун коштоосу жок бара жаткан баланы кабыл алган адам фотосүрөтү бар мамлекеттик үлгүдөгү өздүк күбөлүгүнүн түп нускасын көрсөтүшү керек.**

## 18. 1-ТИРКЕМЕ “УЧУУГА УРУКСАТ”

**ТАЛАП КЫЛЫНГАН ЖЕРГЕ КӨРСӨТҮҮ ҮЧҮН – Учууга уруксат**

| | |
|---|---|
| **Бейтаптын ФАА** | |
| **Туулган күнү** | |
| **Акыркы этек кир мезгили** | |
| **Болжолдуу төрөө датасы** | |
| **Сунушталган авиаучуу датасы** | |

**Менин пикиримде, жогоруда аталган аялда ______ жума мөөнөтүндөгү татаал эмес бир түйүлдүктүү кош бойлуулук бар жана ал сиздердин авиакомпанияда брондолгон рейске ылайык уча алат.**

**Өзгөчө сактык чаралары (мындай болгондо)** ______________________________

________________________________________________________________________________________

________________________________________________________________________________________

**Урматтоо менен,**

**____________________Дарыгердин мөөрү жана колу даражасын жана кат.номерин көрсөтүү менен**

**____________________Ооруқананын/медициналык мекеменин мөөрү (эгерде маалымкат ооруқананын фирмалык бланкында берилсе, талап кылынбайт)**

**Дата:**

## 19. 2-ТИРКЕМЕ «ДЕН СООЛУГУНДА КӨЙГӨЙЛӨРҮ БАР ЖҮРГҮНЧҮНҮ ТАШУУГА АРЫЗ»

Кеңири медициналык маалымкат бул толтурулган формага тиркелиши керек. Толтурулган ден соолугунда көйгөйлөрү бар жүргүнчүнү ташууга арыз бекитүү үчүн **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК** башкы кеңсесине жөнөтүлүшү керек (төмөнкү колонтитулда көрсөтүлгөн).

| | |
|---|---|
| **Отурган бейтап** | |
| **Жүргүнчүнүн фамилиясы** | |

| | |
|---|---|
| **Жүргүнчүнүн аты** | |
| **«ТЕЗ ДЖЕТ» ЖЧК рейсинин номери** | |
| **Учуу датасы** | |
| **Жөнөгөн шаар** | |
| **Келген шаар** | |
| **Туруктуу дарек** | |
| **Жөнөгөн пункттагы байланыш телефондун номери** | |
| **Келген пункттагы байланыш телефондун номери** | |

**Медициналык маалыматтар: жүргүнчүнүн дарыгери тарабынан толтурулат.**

1. Дарыгердин ФАА, дареги, телефон/факс номери, квалификациясы, каттоо номери.

_______________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________________

2. Бейтаптын ФАА ______________________________ Жынысы______ Курагы ____________

3. Диагноз жана оору башталган дата _____________________________________________

4. Оору кандайдыр бир деңгээлде жугуштуу же инфекциялыкпы? Ооба/ Жок

5. а) Учурдагы симптомдору

b) Учуу убагындагы божомол

6. Маанилүү функциялардын көрсөткүчтөрү (пульс, АБ, температура, дем алуу жыштыгы, аң-сезимдин деңгээли)

   a. Калыбында / калыбында эмес (тактоону өтүнөбүз)

7. Энтигүү

   Жок / Кадимки чыңалууда / Тынч абалда

8. Учурдагы медициналык дарылоо жөнүндө кеңири маалымат/учуу процессинде дарылоого байланыштуу өзгөчө комментарий.

9. Бейтап ичегисинин/табарсыгынын иштөөсүн толук контролдой алабы? Ооба/Жок

10. Бейтап башка бирөөнүн жардамы жок тамак жеп/иче алабы? Ооба/Жок

11. Бейтап учакта башка бирөөнүн жардамы жок даараткананын пайдалана алабы? Ооба/Жок

12. Бейтапка майыптар арабасы талап кылынабы? Ооба/Жок. Эгерде ооба болсо, төмөндөгүлөрдүн кайсынысы колдонулат:
    a. Учактын тепкичине чейин
    b. Кабинанын эшигине чейин
    c. Отургучка чейин

13. Бейтапка дарыгер/квалификациялуу медайым/медициналык эмес коштоо талап кылынабы? Ооба/Жок

14. Бейтапты коштогон адамдар барбы? Ооба/Жок

15. Эгерде бар болсо, ким

16. Жөнөө/келүү аэропортторунда тез жардам/ооруканага жаткыруу кызматы уюштурулганбы?

Эгерде уюштурулса, кененирээк айтып берсеңиз

Жүргүнчүгө жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар маалымдалганбы? Ооба/Жок

**ЖҮРГҮНЧҮ УЧА АЛАБЫ - Ооба/Жок**

**Колу:** ______________________ **Мөөрү:** ______________________ **Дата:** ____________

**Эскертүү: 1) Квалификациялуу коштоочу адам оорулууларга учактын бортуна алып келген бардык буюмдардын / медициналык жабдуулардын (ийнелер, шприцтер жана колдонулбаган дары-дармектер) бейтапты учактан түшүрүүдө алынып салынышын камсыздоого тийиш.**

## 20. 3-ТИРКЕМЕ ЧОҢДОРДУН КОШТООСУ ЖОК БАЛАНЫ ТАШУУГА АРЫЗДЫН ФОРМАСЫ

| Чоңдордун коштоосу жок саякаттаган бала жөнүндө маалымат | | | |
|---|---|---|---|
| **Фамилиясы** | | **Жынысы** | |
| **Аты** | | **Туулган күнү** | |
| **Курагы** | | **Баарлашуу тили** | |
| **Жарандыгы** | | **Брондоо №** | |
| **Жөнөгөн жер** | | **Орундун номери** | |
| **Баруучу жер** | | **Рейстин номери** | |
| **Сапардын датасы** | | | |

| Ата-энеси/камкорчу жөнүндө маалымат | | | |
|---|---|---|---|
| **Жөнөө пункту** | | **Келүү пункту** | |
| **Аталышы** | | **Аталышы** | |

| Дареги | | Дареги | |
|---|---|---|---|
| Моб. тел. номери | | Моб. тел. номери | |
| Фотосүрөтү менен өздүк күбөлүк № | | Фотосүрөтү менен өздүк күбөлүк № | |
| Колу | | Колу | |

**Келгенден кийин Чоңдордун коштоосу жок келе жаткан балага кам көрүү баланы коштоосу жок ташууга арыз формасында көрсөтүлгөн адамга ГАНА берилет. Чоңдордун коштоосу жок бара жаткан баланы кабыл алган адам фотосүрөтү бар мамлекеттик үлгүдөгү өздүк күбөлүгүнүн түп нускасын көрсөтүшү керек.**

| Авиакомпаниянын өкүлү жөнүндө маалымат | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жөнөө пункту | | Алып барган экипаж | | Келүү пункту | |
| ФАА | | ФАА | | ФАА | |
| Кызматы | | Кызматы | | Кызматы | |
| Е- код | | Е- код | | Е- код | |
| Колу | | Колу | | Колу | |

**АТА-ЭНЕСИНИН/КАМКОРЧУНУН АРЫЗЫ**

1. Муну менен мен жогоруда аталган баланы ташууга байланыштуу келип чыккан бардык дооматтар же чыгымдар үчүн ташуучулардын жана агенттердин жоопкерчилиги жүргүнчү билетинде(-леринде) көрсөтүлгөн Келишимдин шарттарына ылайык бардык жагынан чектеде турганын, мында ташуучулар жана агенттер андан ары же башка жоопкерчиликти же милдеттерди тартышпай турганын ырастайм.
2. Мен жогоруда аталган баланы кетип жатканда аэропортко узатууну жана келгенден кийин көрсөтүлгөн адам тарабынан тосуп алууну уюштурганымды ырастайм. Бул адамдар рейс учканга чейин аэропортто болушат жана/же рейстин келүүсү пландаштырылган убакта аэропортто жеткиликтүү болушат.
3. Эгерде баланы барган жеринде тосуп алышпаса, мен ташуучуга баланын коопсуз каралышын камсыз кылуу үчүн зарыл деп эсептеген бардык иш-аракеттерди жасоого, анын ичинде баланы жөнөтүү аэропортуна кайтарып берүүгө уруксат берем, мында тарткан чыгымдардын жана чыгашалардын кесепетинен ташуучуга келтирилген зыяндын ордун толтурууга макулмун.
4. Мен баланын колдонуудагы мыйзамдарда каралган бардык зарыл болгон жол жүрүү документтери (паспорт, виза, ден соолугунун абалы жөнүндө маалымкат ж.б.) бар экенин ырастайм.
5. Мен, жогоруда аталган баланын төмөндө кол койгон ата-энеси же камкорчусу, муну менен жогорудагы баланы коштоосу жок ташууга макулмун жана суранам, ошондой эле берилген маалымат туура экенин ырастайм.

Ата-энесинин/камкорчунун ФАА: ……………………………………..

Ата-энесинин/камкорчунун колу (жөнөө пункту): ………………………………… Дата: ……………………………………

| 1-көчүрмө | 2-көчүрмө | 3-көчүрмө | 4-көчүрмө |
|---|---|---|---|
| Ата-эне/камкорчу | Жөнөгөн аэропорт | Алып барган экипаж | Келген аэропорт |